| | |
|---|---|
| | **И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**<br>**КОББ (КОЛЛЕДЖ) (Н.Исанов кампусу)** |
| | **Сапатты башкаруу системасы**<br>**ДП-38/002.02-2022** |

**БЕКИТЕМИН**

И.Раззаков ат. КМТУнун ректору

________ М.К. Чыныбаев

«1» 11 ________ 2022ж.

**2022/2027-жж. карата**

# И.Раззаков ат. КМТУнун КОББ (Колледждин) (Н.Исанов кампусу) ӨНҮГҮҮСҮНҮН СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНЫ

Дареги: 720020, Кыргыз Республикасы
Бишкек ш., Малдыбаев көч. 34, б тел.: +996 (312) 54-39-66,
e-mail: kstu.college@mail.ru
Сайты: http://www.kstu.kg
(КОББ (Колледж) баракчасы https://kstu.kg/dovuzovskaja-podgotovka/spo-kolledzh)
КОББ (Колледж) директору – Э.Д.Дербишева, э.и.д., доцент

Бишкек – 2022

# КИРИШҮҮ

Тез өзгөрүп жаткан тышкы шарттар республиканын билим берүү системасына жаңы талаптарды коюп жатат. Бүгүнкү күндө билим берүү дүйнөдөгү коомдук өнүгүүнүн маанилүү көрсөткүчтөрүнүн жана приоритеттүү багыттарынын бири болуп калды. Адамдык капиталды калыптандыруу жана адамдык потенциалды инсандын жана коомдун пайдасына ишке ашыруу билим берүү мекемелеринин натыйжаларга жетишүүгө жана коомдун жана эмгек рыногунун суроо-талаптарын канааттандырууга багытталган өзгөчө жоопкерчилигин билдирет. Кыргыз Республикасынын Билим берүү системасы заманбап талаптарга гана ылайык келбестен, ата мекендик билим берүүнүн жана эл аралык тажрыйбанын мыкты салттарына таянып, ийкемдүү жана ачык болууга, ошондой эле коомдун өнүгүүсүнүн социалдык-экономикалык тенденцияларынан озуп кетүүгө тийиш. Билим берүү системасын алдыда өнүктүрүү зарылчылыгы дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрү тарабынан кабыл алынган жана өнүгүүнүн жогорку деңгээлин сактоого мүмкүндүк берген окуп жаткан коомчулуктун концепциясынын негизи болуп саналат. Кыргызстан үчүн адамдык потенциалды өнүктүрүү региондук лидерлик үчүн негиз болуп, региондук жана глобалдык деңгээлде өлкөнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыздай алат.

Кесиптик билим берүүнүн баскычы ички, региондук жана дүйнөлүк эмгек рынокторунун талаптарына жооп берген жана өзүнүн квалификациясын системалуу түрдө ар кандай формада жогорулатууга даяр жогорку квалификациялуу адисти даярдоону камсыз кылууга тийиш. Билим берүү системасы өлкөнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жана экономикалык гүлдөп-өнүгүшүн камсыз кылып, адамдык капиталдын наркынын жана сапатынын жогорулашына өбөлгө түзүшү керек.

Мамлекеттик билим берүү саясаты адам капиталын калыптандырууга, билим берүүнүн жаңы моделин түзүүгө багытталган, бул колледжге жаңы максаттарды жана милдеттерди коет. Кесиптик орто билим берүү системасындагы бардык кайра түзүүлөр региондук жана глобалдык деңгээлде Кыргызстандын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу стратегиясын ишке ашырууга реалдуу салым болуп саналат.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги максаты – өлкөнүн экономикасын республиканын экономикасынын артыкчылыктуу багыттары үчүн квалификациялуу техникалык кадрлар менен камсыз кылуу. Заманбап талаптарга толук жооп берүү үчүн кесиптик орто билим берүү уюмдары иш берүүчүлөр үчүн да, жалпы калк үчүн да ачык жана ийкемдүү болушу керек, бүгүнкү күндүн талабына тез жооп берип, өз ишмердүүлүгүн жаңыртып турушу зарыл.

Кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндө төмөнкү чараларды ишке ашыруу зарыл:

- коомдун талап кылынган жумушчу кесиптерге, даярдоонун техникалык багыттарына, татаал илим сыйымдуу адистиктерге болгон мамилесин өзгөртүүгө багытталган жаштардын кесиптик багыты;
- ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды, турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөрдүн балдарын жана жетим балдарды социалдаштыруу үчүн кесиптик билим берүү системасына киргизүүнү күчөтүү;
- кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана кесиптик стандарттардын негизинде анын мазмунун жаңылоо;
- иш берүүчүлөрдүн бирикмелери менен өз ара аракеттенүүнү күчөтүү жана алар үчүн билим берүүнүн мазмунун, такшалмалардын жана практикалардын базаларын, окутуунун натыйжаларын калыптандырууда дем берүүчү факторлорду камсыз кылуу;
- кесиптик билим берүү уюмдарынын окуучулары, окутуучулары жана администраторлору үчүн заманбап билимдерди, алдыңкы тажрыйбаларды жана инновацияларды берүү аянтчасы катары алдыңкы тажрыйба борборлорун өнүктүрүү;
- квалификациялардын улуттук алкагынын негизинде бүтүрүүчүлөрдү баалоону жана сертификациялоону, валидациялоону жана көз карандысыз аккредитациялоону кошо алганда, кесиптик билим берүүнүн сапатына көз карандысыз баалоо системасын өнүктүрүү;

- кесиптик билим берүүнүн эл аралык интеграциясын өнүктүрүү, анын ичинде эл аралык кесиптик мелдештерге катышууну кошкондо анын экспортунун өсүшүн камсыз кылуу үчүн;

- кесиптик орто билим берүү системасын оптималдаштыруу, бул эмгек рыногунун жана керектөөчүлөрдүн суроо-талаптарына жооп берген мобилдүү системаны түзүүгө, финансылык ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга жана эки деңгээлдин ортосунда үзгүлтүксүздүктү кароого мүмкүндүк берет;

- чыгымдардын негизинде кесиптик билим берүүнү каржылоодон ченемдик бюджеттик каржылоого өтүү.

И.Раззаков ат. КМТУнун КОББ (Колледжде) эмгек ишмердүүлүгүн жемиштүү жүргүзүүгө, рыноктун өзгөрүп жаткан шарттарына ыңгайлашууга, жогорку деңгээлде кесиптик жогорку билим алууну улантууга жөндөмдүү компетенттүү адистерге иш берүүчүлөрдүн керектөөлөрүн канааттандырууга умтулат.

## 1. Ишмердүүлүктүн нормативдик-укуктук негиздери

Колледждин ишмердүүлүгү 2003-жылдын 30-апрелиндеги № 92 "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, 2004-жылдын 3-февралындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №53 токтому, "Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн билим берүү уюму жөнүндө Жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы № 470 "Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу актыларды бекитүү жөнүндө" токтому, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 5-сентябрындагы № 610, "Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн адистиктеринин тизмесин жана адистиктерин окутуунун ченемдик мөөнөттөрүн, Кыргыз Республикасынын Башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүсүнүн аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптары (КР Өкмөтүнүн 4-октябрь 2016-жылдагы № 525 токтомунун редакциясында) ж.б. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жана И.Раззаков ат. КМТУнун локалдык ченемдик актыларына ылайык жүргүзүлөт.

## 2. И. Раззаков ат. КМТУнун КОББ (Колледждин) учурдагы абалы

КОББ (Колледж) архитектура, курулуш, транспорт, маалыматтык технологиялар жана экономиканын ар кандай тармактары чөйрөсүндө орто звенодогу адистерди даярдоону жүзөгө ашырат. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы "Кыргыз Республикасынын Жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" № 243 жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы № 414 токтомуна чейин КОББ (Колледж) Н.Исанов ат. КМКТАУнун түзүмдүк бөлүмү катары иштеп келген.

Колледждеги билим берүү процесси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келет, инсандын, үй-бүлөнүн, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгында окутуунун жана тарбиялоонун бирдиктүү максатка багытталган процесси болуп саналат. Окутуу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген кесиптик орто билим берүү адистиктери боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде иштелип чыккан окуу пландары боюнча өтөт.

КОББ (Колледж) кесиптик орто билим берүүнүн 9 багыты жана 21 адистиги боюнча даярдоо менен иш алып барат. Окутуунун формалары: күндүзгү (2016-жылдан тартып) жана сырттан (2017-жылдан тартып).

Адистерди даярдоонун сапаты педагогикалык кызматкерлердин кадрдык курамынын жогорку деңгээли менен, негизинен университеттин тажрыйбалуу окутуучуларынан камсыз кылынат. Колледжде педагогикалык ишти: илимдин докторлору

жана кандидаттары, билим берүү чөйрөсүндө жана колледждин адистиктери боюнча жетиштүү иш стажы бар окутуучулар жана улук окутуучулар жүзөгө ашырышат. Колледждин окутуучулары заманбап окутуу технологияларын колдонуу менен сабактарды өтүшөт.

Билим берүү кызматтарынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу жана кадрдык потенциалды чыңдоо үчүн КОББ (Колледж) жаңы илимий билимдерге жана окутуунун заманбап инновациялык ыкмаларына ээ болуу аркылуу педагогикалык кадрларды даярдоонун сапатын дайыма жогорулатуу саясатын карманат. Инновациялык технологияларды колдонууга өзгөчө маани берилет: интерактивдүү сабактар, долбоордук окутуу жана компьютердик технологиялар, көйгөйлүү лекциялар, семинар – диспуттар, окуу дискуссиялары, дидактикалык оюндар, симуляциялык тренингдер, оюн долбоорлоо, презентациялар ж.б.

Жогорку сапаттагы даярдыкка, окуу процессинин ишмердүүлүгүнүн тиешелүү көрсөткүчтөрүнө жетишүү үчүн академиялык ак ниеттүүлүк жана этика, объективдүүлүк принциптери бекитилет.

КОББда (Колледжде) билим берүү процесси И.Раззаков ат. КМТУнун төрт окуу корпусунда (Н. Исанов кампусу) лекциялык, компьютердик класстарда, лабораториялык жайларда жүзөгө ашырылат жана спорттук аянтчалар, салтанат залы, ашканалар, буфеттер бар. Жалпысынан окуу жайларынын, атайын лабораториялардын жана кабинеттердин, спорт залдардын аянты КОББ МББС окуу жайларына коюлуучу талаптарга жооп берет. Аудитордук фонддун абалынын жана лабораториялык жабдуулар менен камсыз болушунун көрсөткүчтөрү ченемдик талаптарга жана КОББ (Колледж) тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын сапатынын шарттарына ылайык келет.

Студенттер университеттин компьютердик жана маалыматтык-китепканалык ресурстарын колдонууга мүмкүнчүлүк алышат. Мунун баары окуу процессин уюштуруунун сапатын жакшыртууга жана окуп жаткандарда тиешелүү компетенцияларды түзүүгө мүмкүндүк берет.

Билим берүү ишине - активдүү жашоо позициясын өнүктүрүүгө жана студенттерди университеттин коомдук турмушуна тартууга олуттуу көңүл бурулат. Студенттер социалдык-маанилүү компетенцияларды калыптандырууга багытталган иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө, тренингдерге, конкурстарга, майрамдарга катышышат. Студенттик башкаруу мүчөсү - жигердүү сенат иштеп жатат.

КОББда (Колледжде) окутууда алынган билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр, баалуулуктар жана руханий-адеп-ахлактык багыттар кесиптик ишти аткаруу жана карьералык өсүү мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылат. Жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринде, атап айтканда, И.Раззаков ат. КМТУнун бардык бакалавр программалары боюнча окууну улантууга түрткү берет.

Колледждин башкаруу түзүмү салттуу органдар тарабынан көрсөтүлгөн - жетекчилик (директор, директордун орун басарлары, бөлүм башчылар), Педагогикалык кеңеш, ПЦК ж.б.

## 3. И.Раззаков ат. КМТУнун КОББ (Колледждин) миссиясы жана башкы максаты

И.Раззаков ат. КМТУнун миссиясы – илим, техника жана технологиялардын жетишкендиктеринин негизинде эмгек рыногу, коом, экономика жана мамлекет талаптарына ылайык атаандаша алгыдай билим берүү программаларын ишке ашыруу аркылуу Кыргыз Республикасынын инновациялык өнүгүүсүнө багытталган дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоо менен сапаттуу техникалык билим берүүнү өнүктүрүү жана өркүндөтүү.

Университеттин стратегиясы багытталган:

- бүтүрүүчүлөрдүн көндүмдөрүнө жана билимине карата эл аралык стандарттарга жана өзгөрүлүп жаткан талаптарга ылайык билим берүүнүн сапатынын жогорку деңгээлин камсыз кылуу;

- билим берүүнү жана илимди интернационалдаштыруу;

- билим берүүнүн, илимдин, инновациялардын жана илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын коммерциялаштыруу боюнча иш-аракеттердин өз ара байланышын караган "Университет 4.0" концепциясын ишке киргизүү;

- санариптик технологиялардын жана университеттердин изилдөө түрүнүн моделинин негизинде ийкемдүү жана натыйжалуу башкаруу тутумун түзүү.

Артыкчылыктуу багыттарды ишке ашыруу максатында өз ара байланышкан программалардын системасы каралат:

1. Сапаттуу билим.
2. Алдыңкы илим жана инновациялар.
3. Адам ресурстарын күчөтүү.
4. Эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү.
5. Инфраструктураны, коопсуз жана натыйжалуу окуу чөйрөсүн өнүктүрүү.
6. Санарип университети.
7. Социалдык жана тарбиялык иштер.

**И.Раззаков ат. КМТУнун КОББ (Колледж) миссиясы** – архитектура, курулуш, транспорт, маалыматтык технологиялар, экономика, менеджмент жаатындагы, эмгек рыногунда талап кылынган жана республиканы инновациялык өнүктүрүүнүн тренддерин эске алуу менен кесиптик иштин тандалган тармагында лидер болууга жөндөмдүү адистерди даярдоо.

**И.Раззаков ат. КМТУнун КОББ (Колледж) башкы максаты** – заманбап компетенцияларга ээ, эмгек рыногунда талап кылынган, ошондой эле жогорку деңгээлде жогорку кесиптик билим алууну улантууга жөндөмдүү адисти даярдоо.

## 4. И.Раззаков ат. КМТУнун КОББ (Колледждин) стратегиялык максаттары

- ✓ Практикага багытталган окутуунун заманбап технологияларын колдонуу жана студенттерди окуу-тарбиялоо процессине активдүү тартуу аркылуу билим берүү программаларын сапаттуу ишке ашыруу.
- ✓ КР КОББ МББ жана эмгек рыногуна, стейкхолдерлердин суроо-талаптарына, билим берүүнүн сапатын баалоо системасына ылайык билим берүү кызматтарын көрсөтүү.
- ✓ Өзгөрүп жаткан дүйнөдө чыгармачылыкка жана өзүн-өзү ишке ашырууга жөндөмдүү адистин жогорку кесипкөй, адеп-ахлактык жактан жетилген, социалдык жактан активдүү инсанын калыптандыруу.

| 5. КОББ (Колледждин) ишмердүүлүгүнүн стратегиялык багыттары | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| № | Күтүлүүчү жыйынтыктар | 2022-2023 | 2023-2024 | 2024-2025 | 2025-2026 | 2026-2027 |
| | **1-Стратегиялык максат: Практикага багытталган окутуунун заманбап технологияларын колдонуу жана студенттерди окуу-тарбиялоо процессине активдүү тартуу аркылуу билим берүү программаларын сапаттуу ишке ашыруу** | | | | | |
| 1. | Уюштуруучулук, кадрдык, методикалык, финансылык ж.б. пландаштыруу | + | + | + | + | + |
| 2. | Окутуунун сапатынын жогорку деңгээлин камсыз кылууга мүмкүндүк берген окуу процессин так уюштуруу | + | + | + | + | + |
| 3. | КОББ ББП сапаттуу ишке ашыруу үчүн материалдык-техникалык базаны (аудиторияны, жабдууларды, окуу жана методикалык адабияттарды) жакшыртуу боюнча иш-чаралар | + | + | + | + | + |
| 4. | КОББ ББП сабактары боюнча окутуу үчүн тиешелүү билими, квалификациясы жана тажрыйбасы бар компетенттүү окутуучуларды тандоо | + | + | + | + | + |
| 5. | Билим берүү программаларын (жумушчу программалар, силлабустар, практикалык, лабораториялык сабактарга, практикаларга методикалык көрсөтмөлөр, баалоо каражаттарынын фонддору ж.б.) окуу-методикалык жабдууну иштеп чыгуу жана андан ары өркүндөтүү | + | + | + | + | + |
| 6. | Билим берүү процессинде окутуунун заманбап технологияларын колдонуу | + | + | + | + | + |
| 7. | Пландаштырылган окуу натыйжаларына жетүү үчүн студенттерди окутуу-тарбиялоо процессине тартуу | + | + | + | + | + |
| | **2-Стратегиялык максат. КР КОББ МББ жана эмгек рыногуна, стейкхолдерлердин суроо-талаптарына, билим берүүнүн сапатын баалоо системасына ылайык билим берүү кызматтарын көрсөтүү** | | | | | |
| | Күтүлүүчү жыйынтыктар | 2022-2023 | 2023-2024 | 2024-2025 | 2025-2026 | 2026-2027 |
| 8. | КОББ МББСнын талаптарына жана эмгек рыногунун, иш берүүчүлөрдүн жана башка кызыкдар тараптардын суроо-талаптарына ылайык билим берүү программаларын долбоорлоо жана ишке ашыруу | + | + | + | + | + |
| 9. | Кызыкдар тараптардын суроо-талаптарына ылайык окуу пландарын иштеп чыгуу, оңдоо жана бекитүү | + | + | + | + | + |
| 10. | ББП боюнча окутуунун максаттарын жана натыйжаларын иштеп чыгуу, кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн жана суроо-талаптарын аныктоонун негизинде андан ары тууралоо | + | + | + | + | + |
| 11. | Сапат талаптары боюнча ББП ишке ашыруу шарттарына мониторинг жүргүзүү жана талдоо | + | + | + | + | + |
| 12. | Аккредитациялоо талаптарына ылайык окуу-методикалык документтерди иштеп чыгуу | + | + | + | + | + |
| 13. | ББП боюнча өзүн-өзү баалоо отчетун даярдоо, анын ичинде: | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 14. | Архитектура, Курулуштарды жана имараттарды куруу жана эксплуатациялоо, Автомобиль жолдорун жана аэродромдорду куруу жана эксплуатациялоо, Дизайн (тармактар боюнча), Транспортто ташууларды уюштуруу жана башкаруу (унаа түрү боюнча аба унаасынан башкасы), Өзгөчө кырдаалдарда коргонуу, Менеджмент (тармактар боюнча) билим берүү программалары | + | | | | |
| 15. | Автомобиль транспортун техникалык тейлөө жана оңдоо, Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), Финансы (тармактар боюнча), Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо, Колдонмо геодезия билим берүү программалары | | + | | | |
| 16. | Автоматташтырылган системалардын маалыматтык коопсуздугу, Салыктар жана салык салуу, Металл эмес курулуш буюмдарын жана конструкцияларын өндүрүү, Суу менен камсыздоо жана суу бөлүштүрүү, Экология жана айлана-чөйрөнү коргоо билим берүү программалары | | | + | | |
| 17. | Компьютердик системаларда программалоо, Колдонмо информатика (тармактар боюнча), Электр менен камсыздоо (тармактар боюнча), Газ менен камсыздоо системаларын жана түзүлүштөрүн монтаждоо жана эксплуатациялоо билим берүү программалары | | | | + | |
| 18. | Колледж Пед. кеңешинде өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту талкуулоо жана билим берүү процессинин сапатын жакшыртуу, аккредитациялоо талаптарына ылайык келүү боюнча чараларды иштеп чыгуу | + | + | + | + | + |
| | **3-Стратегиялык максат. Өзгөрүп жаткан дүйнөдө чыгармачылыкка жана өзүн-өзү ишке ашырууга жөндөмдүү адистин жогорку кесипкөй, адеп-ахлактык жактан жетилген, социалдык жактан активдүү инсанын калыптандыруу** | | | | | |
| | Күтүлүүчү жыйынтыктар | 2022-2023 | 2023-2024 | 2024-2025 | 2025-2026 | 2026-2027 |
| 19. | Студенттин адекваттуу мотивациялык-баалуулук системасын түзүүчү дүйнө таанымды, ишенимдерди, кызыкчылыктарды, умтулууларды калыптандыруу | + | + | + | + | + |
| 20. | Бүтүрүүчүлөрдүн ийгиликтүү социалдашуусуна өбөлгө түзүүчү заманбап кесиптик, маалыматтык, социалдык компетенцияларды калыптандыруу | + | + | + | + | + |
| 21. | Бүтүрүүчүлөрдүн эмгек ишине органикалык түрдө кошулуусуна мүмкүндүк берүүчү жөндөмдөрдү жана көндүмдөрдү калыптандыруу | + | + | + | + | + |
| 22. | Ар бир студенттин чыгармачылык башталышын калыптандыруу жана өнүктүрүү, тандалган кесиптик чөйрөдө өзүн-өзү аныктоого жана ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү иш-аракеттерге тартуу | + | + | + | + | + |

## 6. И.Раззаков ат. КМТУнун КОББ (Колледждин) учурдагы милдеттери

| | Милдеттер | Күтүлүүчү жыйынтыктар | Жооптуулар | Ишке ашуу мөөнөтү | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | КМКТАУнун КМТУга кошулууга байланыштуу кайра уюштуруу иш-чаралары | КМТУнун курамында КОББ (Колледждин) макамын аныктоо, миссияны, максаттарды жана милдеттерди, функцияларды, башкаруу тутумун тууралоо | Директор, директордун орун басарлары | Сентябрь 2022 – июнь 2023 | |
| 2. | Уюштуруучулук, кадрдык, методикалык, каржылык ж.б. пландаштыруу | Иштин бардык түрү боюнча пландарды даярдоо жана бекитүү | Директор, директордун орун басарлары | Сентябрь 2022 -июнь 2023 | |
| 3. | Окутуунун сапатынын жогорку деңгээлин камсыз кылууга мүмкүндүк берген окуу процессин так уюштуруу | Окуу процессинин графиги, академиялык календарь, расписание, функцияларды бөлүштүрүү | Директор, окуу иштери жана мамл. тил жана уюштуруу иштери боюнча директордун орун басарлары | Жыл ичинде | |
| 4. | ББП сапаттуу ишке ашыруу үчүн материалдык-техникалык базаны (аудитория, жабдуулар, окуу жана методикалык адабияттар) түзүү жана жакшыртуу | Жайларды бекитүү, жабдууларды эсепке алуу,керектүү окуу адабияттарын сатып алуу, өздүк окуу-методикалык адабиятты басып чыгаруу | Директор, директордун орун басарлары | Жыл ичинде | |
| 5. | ББП дисциплиналары боюнча окутуу үчүн тиешелүү билими, квалификациясы жана тажрыйбасы бар компетенттүү окутуучуларды тандоо | Окутуучуларды тандоо | Директор, окуу иштери боюнча директордун орун басары | Ар бир жылдын август-сентябрь айлары | |
| 6. | Билим берүү программаларын (жумушчу программалар, силлабустар, практикалык, лабораториялык сабактарга, практикаларга методикалык көрсөтмөлөр, баалоо каражаттарынын фонддору ж.б.) окуу-методикалык | Кызыкдар тараптардын суроо-талаптарына, көз карандыыз аккредитациялоонун талаптарына жооп берген ББП окуу-методикалык | Мамл. тил жана уюштуруу иштери боюнча директордун орун басары, бөлүм башчылары, окутуучулар | Жыл ичинде | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | жабдууну иштеп чыгуу жана андан ары өркүндөтүү | жабдуулары | | | |
| 7. | Билим берүү процессинде окутуунун заманбап технологияларын колдонуу | Сапаттуу сабак өтүү | Бөлүм башчылары, окутуучулар | Жыл ичинде | |
| 8. | Пландаштырылган окуу натыйжаларына жетүү үчүн студенттерди окутуу-тарбиялоо процессине тартуу | Пландаштырылган окуу натыйжаларына жетишүү | Бөлүм башчылары, окутуучулар кураторлор, студенттер | Жыл ичинде | |
| 9. | КОББ МББСнын талаптарына окуу пландарын иштеп чыгуу жана бекитүү | Жумушчу окуу пландарын иштеп чыгуу жана бекитүү | Директор, окуу иштери жана мамл. тил жана уюштуруу иштери боюнча директордун орун басарлары | Зарылдыгына жараша | |
| 10. | Кызыкдар тараптардын суроо-талаптарына ылайык окуу пландарын жакшыртуу | Жумушчу окуу пландарын кызыкдар тараптардын күтүүлөрүнө жана суроо-талаптарына ылайык өзгөртүү | Директор, окуу иштери жана мамл. тил жана уюштуруу иштери боюнча директордун орун басарлары | Ар бир 2-3 жылда | |
| 11. | Ар бир билим берүү программалары боюнча окутуунун максаттарын жана натыйжаларын, бүтүрүүчүнүн моделин иштеп чыгуу, кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн жана суроо-талаптарын аныктоонун негизинде андан ары тууралоо | Кызыкдар тараптар менен талкуулоонун негизинде ББП боюнча окутуунун максаттары жана натыйжалары, бүтүрүүчүнүн модели | Окуу иштери жана мамл. тил жана уюштуруу иштери боюнча директордун орун басарлары, бөлүм башчылары | Ар бир 2-3 жылда же зарылдыгына жараша | |
| 12. | Сапат талаптары боюнча ББП ишке ашыруу шарттарына мониторинг жүргүзүү жана талдоо | Анализ кылуу үчүн маалымат жана жакшыртуу боюнча иш-чараларды кабыл алуу | Окуу иштери жана мамл. тил жана уюштуруу иштери боюнча директордун орун басарлары, бөлүм башчылары | Жыл ичинде | |
| 13. | Аккредитациялоо талаптарына ылайык окуу-методикалык документтерди иштеп чыгуу | Далилдер базасы | Окуу иштери жана мамл. тил жана уюштуруу иштери боюнча директордун орун басарлары, бөлүм башчылары | Жыл ичинде | |
| 14. | ББП боюнча өүн-өзү баалоо отчётун | Өзүн-өзү баалоо боюнча | Директор, окуу иштери жана | График боюнча | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | даярдоо | отчет | тарбия иштери жана өнд. окутуу боюнча директордун орун басарлары | | |
| 15. | Колледж Пед. Кеңешинде өзүн-өзү баалоо боюнча отчетторду талкуулоо жана билим берүү процессинин сапатын жакшыртуу жана аккредитациялоо талаптарына ылайык келүү боюнча чараларды иштеп чыгуу | ББП абалы, кемчиликтери жана аларды чечүү жолдору жөнүндө окутуучуларга маалымдоо | Директор, окуу иштери жана мамл. тил жана уюштуруу иштери жана тарбия иштери жана өнд. окутуу боюнча директордун орун басарлары | График боюнча | |
| 16. | Студенттин адекваттуу мотивациялык-баалуулук системасын түзүүчү дүйнө таанымды, ишенимдерди, кызыкчылыктарды, умтулууну калыптандыруу | Коомдук-алгылыктуу баалуулуктар жана кызыкчылыктар системасы менен жогорку мотивацияланган жана гармониялуу өнүккөн инсан | Директор, мамл. тил жана уюштуруу иштери жана тарбия иштери жана өнд. окутуу боюнча директордун орун басарлары, кураторлор, окутуучулар | Жыл ичинде | |
| 17. | Бүтүрүүчүлөрдүн ийгиликтүү социалдашуусуна өбөлгө түзүүчү заманбап кесиптик, маалыматтык, социалдык компетенцияларды калыптандыруу | Эмгек базарында тез жана ийгиликтүү адаптациялоого жөндөмдүү бүтүрүүчү | Директор, тарбия иштери жана өнд. окутуу боюнча директордун орун басары, кураторло окутуучулар | Жыл ичинде | |
| 18. | Бүтүрүүчүлөрдүн эмгек ишине органикалык түрдө кошулуусуна мүмкүндүк берүүчү жөндөмдөрдү жана көндүмдөрдү калыптандыруу | Жогорку кесипкөй, талап кылынган эмгек функцияларын жемиштүү аткарууга, өзүнүн кесиптик траекториясын долбоорлоого, өз ишинин натыйжаларын болжолдоого жөндөмдүү. | Директор, тарбия иштери жана өнд. окутуу боюнча директордун орун басары, окутуучулар, практика жетекчилери | Жыл ичинде | |

И.Раззаков ат. КМТУнун
КОББ (Колледж) директору Э.Д. Дербишева